**№97 жалпы орто билим берүү мектеби**

**2022-2023-окуу жылындагы мугалимдердин жетишкендиктери, ийгиликтери**

**БИЛИМ БЕРҮҮНҮ ЖАКШЫРТУУ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ ИШ-ЧАРАЛАРЫ:**

1. Республикалык конкурстагы жеңиш

Германиянын Экономикалык кызматташтык жана өнүгүү боюнча Федералдык министрлигинин, Deutsche Welle Академиясынын колдоосунда, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, ошондой эле Кыргыз Билим берүү Академиясы менен биргеликте «Медиа сабак» КФ тарабынан Кыргызстандагы мектеп мугалимдеринин арасында ММС (медиа жана маалыматтык сабаттуулук) компоненти менен мыкты сабак планына Республикалык сынак жарыялаган. Сынак Билим берүү тармагында ММС билимдерин илгерилетүү боюнча жаңы окутуу ыкмаларын табуу, мугалимдердин аймактардагы жаштардын сынчыл ойломун, санариптик жана медиа сабаттуулугунун деңгээлин көтөрүү, ММС компоненттери камтылган сабактарды иштеп чыгуу тажрыйбасын өркүндөтүү, чыгармачылык дараметин жана шыктануусун арттыруу, тажрыйба алмашуу максатында сынак уюштурулган.



Аталган сынакка келип түшкөн 150 дөн ашуун сабактын иштелмелеринин ичинен Бишкек шаарынын Ленин районундагы **№97 жалпы орто билим берүү мектебинин тарых мугалими Ашырбеков Алдияр Басарбековичтин** эмгеги “эң мыкты” деп табылып, жеңишин тастыктаган **диплом жана статуэтка, ошондой эле башкы байге ноутбукка** ээ болгон.




2. Республикалык “Мыкты класс жетекчи – 2023” сынагында “Илимий сабак” номинациясы
   Республикалык “Мугалим” илимий-педагогикалык журналы тарабынан уюштурулган “Мыкты класс жетекчи -2023” сынагына №97 ЖОББМинен 2 мугалим катышып, башталгыч класстын мугалими Сабатбек кызы Чынара “Илимий сабак 2023” номинациясына ээ болду.






**3. Мугалимдер үчүн электрондук китепкананын уюштурулушу**

2022-2023-окуу жылында мектептин мугалимдер үчүн илимий-усулдук иштер боюнча директордун орун басары Ашырбеков Алдияр Басарбекович электрондук усулдук китепкана уюштурган. Анын максаты билим берүү процессинин натыйжалуулугун артырууда мугалимдердин усулдук чеберчилигин өнүктүрүүсүнө салым кошуу болгон. Натыйжада 18 багытта, 178 усулдук электрондук китептердин жыйнагы менен усулудук электрондук китепкана түзүлгөн.

Шилтемеси: https://drive.google.com/drive/folders/1JJbUvBYykPGsHj6sCtjfT_0pRtFy1hH8

МЕКТЕПТИН ПЕДАГОГИКАЛЫК КЫЗМАТКЕРЛЕРИ ҮЧҮН УСУЛДУК ЭЛЕКТРОНДУК КИТЕПКАНА

| № | МУГАЛИМДЕР | ПРЕДМЕТИ | УСУЛДУК КИТЕПКАНАГА КИРҮҮНҮН ТҮЗ ШИЛТЕМЕСИ |
|---|---|---|---|
| 1 | КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ | 18 | https://97.edu.meria.kg/ САЙТТАГЫ ТҮЗ ШИЛТЕМЕ АРКЫЛУУ |
| 2 | ОРУС ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ | 10 | |
| 3 | АНГЛИС ТИЛИ | 13 | |
| 4 | МАТЕМАТИКА | 9 | |
| 5 | ФИЗИКА | 7 | |
| 6 | ИНФОРМАТИКА | 9 | |
| 7 | ХИМИЯ | 10 | |
| 8 | БИОЛОГИЯ | 12 | |
| 9 | ТАРЫХ, АДАМ ЖАНА КООМ | 23 | |
| 10 | ГЕОГРАФИЯ | 5 | https://drive.google.com/drive/folders/1JJbUvBYykPGsHj6sCtjfT_0pRtFy1hH8 GOOGLE DRIVE АРКЫЛУУ ШИЛТЕМЕ МЕНЕН |
| 11 | БАШТАЛГЫЧ КЛАСС | 9 | |
| 12 | ТЕХНОЛОГИЯ | 5 | |
| 13 | МУЗЫКА | 2 | |
| 14 | СҮРӨТ | 2 | |
| 15 | ДЕНЕ ТАРБИЯ | 8 | |
| 16 | МЕКТЕП ЖЕТЕКЧИЛИГИ ҮЧҮН | 8 | |
| 17 | ПЕДАГОГИКА | 19 | |
| 18 | ПСИХОЛОГИЯ | 9 | |
| | ЖАЛПЫ | 178 | |

**4. Мугалимдердин санарип билим берүү платиформалар аркылуу сабактарды даярдап, окуучуларды билимге чакырууда заманбап ыкмаларды жайылтуусу**

2022-2023-окуу жылында мугалимдер You Tube каналдарына жаңы усулдук ыкмалар менен сабактардын топтомун иштеп чыгып жайгаштырган. Сабактар экологиялык сабаттуулук, медиа сабаттуулук элементтери менен жабдылган. Ар кандай комикс, викториналар, оюндар менен коштолуп, окуучуларды билимге тартууда заманбап ыкмаларды жайылтуу болгон.

https://youtu.be/JhT3i04ppco?si=UsQ2hCiBU0fE9N28 (Шерматова Г.К. Биология)
https://youtu.be/9zYK3zTy6Lo?si=cELaEpZHDfZvGt2J (Сабатбек кызы Ч. Баш.кл)
https://youtu.be/9t0qM1nnO3c?si=rDo3G6yUbC3ESpzD (Аскербекова Г.А. Башт.кл)
https://youtu.be/gK0vVwownxI?si=bcO7Z9WeXYYPNBFS (Өмүрбек кызы А. Информатика)




(№97 ЖОББМи түзгөн экологиялык комикс)

**ПРОГРАММАЛАР/ПРОЕКТЕР**

1. **SHE's GREAT** – эл аралык комплекстүү программасы менен иш алып барылды. Бул программа АКШнын Мамлекеттик департаментинин гендердик жана аялдар иштери боюнча бөлүмү, АКШнын өкмөтү тарабынан каржыланып IREX жана “Youth of Osh” коомдук бирикмеси тарабынан ишке ашырылды. №97 жалпы орто билим берүү мектебинин окуучулары бул программага катышып, долбоор жазып, мектепке санитардык-профилактикалык каражаттарды алып беришти. Долбоорду уюштуруучу Бактыбек кызы Чынаркүл жетектеди.




2. **“Кимевару” кошумча окуу куралын иштеп чыгуу долбоору**
КР Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан сунушталган “Кимевару” кошумча окуу куралын иштеп чыгуу долбооруна №97 жалпы орто билим берүү

мектеби тандалып алынып, 4-класстар менен иш алып барылды. Сабатбек кызы Чынара, Алтынбек кызы Таттыбүбү долбоор менен иштеди.

